КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА
ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И. РАЗЗАКОВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК
ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ
ТЕХНИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ
им. И. РАЗЗАКОВА

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

10-март 2025 № 1/58

Бишкек ш.
г. Бишкек

«КМТУнун кампустарында өрт коопсуздугун камсыздоо жөнүндө»

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын ишканалары, уюмдары, мекемелери жана турак-жай фондусу үчүн өрт коопсуздугунун эрежелеринин 1-0-04-пунктуна ылайык **буйрук берем:**

1. КМТУнун бардык кампустарында төмөнкүдөй өрт коопсуздугунун режими сакталсын:

1.1. Бардык окуу кабинеттеринде, иш бөлмөлөрүндө, китепканаларда, архивдерде, лабораторияларда, технопарктарда, студенттерди тейлөө борборлордо, ашканаларда, устаканаларда, кампаларда жана жатаканаларда өрт коопсуздугунун эрежелери дайыма сакталсын.

1.2. Ар бир бөлмөдөгү өрт коопсуздугуна жооптуу адам иш күнү аяктагандан кийин бөлмөнү кылдаттык менен карап чыгып, таштандыларды жана өрт коркунучу бар өндүрүш калдыктарынан тазалоону камсыздап, суу түтүгүндөгү крандын бекем жабылгандыгын текшерип, электр энергиясын өчүрсүн.

1.3. Университеттин бардык кампустарынын аймактарында тамеки чегүүгө тыюу салынсын.

1.4. Өрт коркунучу бар жумуштарды (электр ширетүү, газ менен ширетүү ж.б.у.с.) жүргүзүүдө бул өрт өчүргүчтөр, суу, кум жана башка алгачкы өрт өчүрүүчү каражаттар менен иштер жүргүзүлө турган жер камсыздалсын. Жумуш аяктагандан кийин, кылдаттык менен жүргүзүлгөн жерде өрттүн булагы жок экендиги текшерилсин.

1.5. Университеттин аймагындагы таштандыларды, куураган чөптөрдү жана жерге түшкөн дарак жалбырактарын өрттөөгө тыюу салынсын.

1.6. Өтмөктөрдү, чыгууларды, коридорлорду, вестибюлдарды, холлдорду, фойелерди жана тепкич аянтчаларын ар кандай буюмдар, эмеректер жана жабдуулар менен жыйылып, окуу процессинде жана эвакуациялоо учурунда тоскоол жаралбасын.

1.7. Электр тармактарын жана электр жабдууларын «Электр орундамаларын курууну эрежелери», «Электр орундамаларын техникалык эксплуатациялоонун эрежелери» талаптарына ылайык дайыма иш абалында болушу камсыздалсын.

1.8. Алгачкы өрт өчүрүүчү жабдуулар өз ордуларында, техникалык абалдары оң, иштөө абалында болушу жана өрт гидранттары өрт түтүктөрү жана түтүкчөлөрү, жеңчелери менен толук комплекте жабдылышы көзөмөлгө алынсын.
1.9. Университеттин имараттарында (химиялык лабораторияларды жана кампаны эсепке албаганда) тез күйүүчү жана күйүүчү суюктуктарды (боёктор, лактар, эриткичтер ж.б.) сактоого тыюу салынат, тез күйүүчү жана күйүүчү суюктуктарды көчмө металл кутуда сактоого уруксат берилет.
1.10. Жыгач устачылык цехинде жумуш күнү аяктагандан кийин жыгач чаңынан нымдуу тазалоо жүргүзүлүп жана күйүүчү калдыктарды контейнер аянтындагы таштанды салынуучу челектерге салынсын.
1.11. Коридорлорго, тепкич аянтчаларына жана авариялык чыгууларга баруучу эшиктерге же түз эле сыртка алып чыгуучу эшиктерге "ЧЫГУУ" белгиси (жок болсо) орнотулсун.
1.12. Бардык бөлмөлөр, лабораториялар, компьютердик класстар жана практикалык өндүрүш окуу жайлары, технопарк, ашканалар өрт өчүргүчтөр менен жабдылсын.
1.13. Жумуш күнү аяктагандан кийин, бөлмөлөрдү бекитип кетүүнүн алдында авариялык жарыктан башка бардык электр приборлору жана жарык өчүрүлсүн.
1.14. Өрт чыккан учурда:

- тез арада 101, 112 телефондору аркылуу өрт өчүрүү бөлүмүнө кабарланып, бардык авариялык чыгуу жолдорун колдонуу менен имараттан эвакуациялоо жана өрт чыккан жерди алгачкы өрт өчүрүүчү каражаттарды колдонуу менен өчүрүү башталсын.
- электрдик бөлмөдө жайгашкан өчүргүчтүн жардамы менен имараттагы электр энергиясы дароо өчүрүлсүн.

2. Өрт коопсуздугу боюнча нускама өткөрүү: киришүү нускамасын - жумушка кабыл алууда, кайталоо нускамасы бардык кызматкерлер менен - 6 айда бир жолудан кем эмес өткөрүлсүн.

3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө АЧИ боюнча проректор А.Т. Асиеге жүктөлсүн.

Негиз: КТЭКЖКБ башчысынын билдирүүсү.

Ректор М. К. Чыныбаев

УИБ башчысы А. Ж. Исраилов